1. Положение о порядке повышения квалификации педагогических и руководящих работников образования Кыргызской Республики. – Бишкек, 2017.
2. Новаковская Ю. В. Нужна ли нам сингапурская система образования? // Естественнонаучное образование: новые горизонты. – М.: МГУ, 2017.
3. Centre for Development of Teaching and Learning at National University of Singapore [Электронный ресурс]. – Режим доступа: Centre for Development of Teaching and Learning (дата обращения: 07.06.2020).
4. Education GPS: Singapore – Teachers and Teaching Conditions (TALIS 2024) [Электронный ресурс] // OECD. – 2025. – Режим доступа: Education GPS: Singapore (дата обращения: 29.08.2026).
5. Сергиенко А. Ю. Проектирование профессионального роста учителя с использованием стажировочной площадки в системе образования Сингапура // Человек и образование. – 2015. – № 4.

Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты Айбашова Т.М.

УДК 372.882.575.2
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-224-230

Раимбердиева З.С.
Ош мамлекеттик университети
Раимбердиева З.С.
Ошский государственный университет
Raimberdieva Z. S.
Osh State University

Т. СЫДЫКБЕКОВДУН «КӨК АСАБА» РОМАНЫН КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАГЫ МЕНЕН ИНТЕГРАЦИЯЛАП ОКУТУУДА ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕР МЕНЕН ИШТӨӨ ЫКМАЛАРЫ
МЕТОДЫ РАБОТЫ С ФРАЗЕОЛОГИЗМАМИ ПРИ ИНТЕГРИРОВАННОМ ИЗУЧЕНИИ РОМАНА Т. СЫДЫКБЕКОВА «КӨК АСАБА» НА УРОКАХ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА
METHODS OF WORKING WITH PHRASEOLOGICAL UNITS IN THE INTEGRATED STUDY OF T. SYDYKBEKOV'S NOVEL «KÖK ASABA» IN KYRGYZ LANGUAGE LESSONS

Кыскача мүнөздөмө: Макалада көркөм тексттеги фразеологизмдерди тилдик өлкө таануу багытында талдоо жана аларды кыргыз тили сабагында адабият менен интеграциялап окутуунун айрым ыкмалары каралат. Ар бир элдин тили ошол элдин көп кылымдык тажрыйбасын, даанышмандыгын, руханий жана интеллектуалдык байлыгын алып жүрүүчү негизги булак болуп саналат. Көпчүлүк фразеологизмдер лексикалык мааниси менен катар семантикасында улуттук-маданий компонентти да камтыйт. Ошондуктан алар тил үйрөнүүчүлөргө ошол тилде сүйлөгөн элдин тарыхы жана маданияты жөнүндө маалымат берип, таанып-билүүчүлүк милдетти аткарат. Фразеологизмдерди тилдик өлкө таануу багытында талдоо көркөм чыгарманы түшүнүп окууда өзгөчө мааниге ээ. Ар кандай тилдик кубулушта элдин улуттук өзгөчөлүгү чагылдырылат. Изилдөөнүн жүрүшүндө Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба» романынан 375тен ашык фразеологизмди аныктап, тизмелөөгө аракет жасалды. Алардын баарын бир макаланын алкагында камтууга мүмкүн болбогондуктан, кыргыз тили сабагында романдагы айрым фразеологизмдер менен иштөөнүн үлгүлөрү сунушталды.

Аннотация: В статье рассматриваются фразеологизмы художественного текста в лингвострановедческом аспекте, а также отдельные методы работы с ними при интегрированном обучении кыргызскому языку и литературе. Язык каждого народа является важнейшим источником, отражающим его многовековой опыт, мудрость, духовное и интеллектуальное богатство. Большинство

фразеологизмов наряду с лексическим значением содержат в своей семантике национально-культурный компонент. Поэтому они могут дать изучающим язык сведения об истории и культуре народа — носителя данного языка и выполнять познавательную функцию в процессе обучения. Анализ фразеологизмов в лингвострановедческом аспекте имеет особое значение для понимания и осмысленного чтения художественного произведения. В любом языковом явлении в той или иной степени отражается национальная специфика народа. В ходе исследования была предпринята попытка выявить и систематизировать более 375 фразеологизмов из романа Т. Сыдыкбекова «Көк асаба». Поскольку охватить их все в рамках одной статьи невозможно, представлены отдельные примеры работы с фразеологизмами романа на уроках кыргызского языка.

Abstract: The article examines phraseological units in a literary text from a linguistic and cultural perspective and discusses selected methods of working with them through the integrated teaching of the Kyrgyz language and literature. The language of every nation serves as an important source reflecting its centuries-old experience, wisdom, and spiritual and intellectual heritage. Most phraseological units, in addition to their lexical meaning, contain a national and cultural component in their semantics. Therefore, they can provide language learners with information about the history and culture of native speakers and perform a cognitive function in the learning process. The analysis of phraseological units from a linguistic and cultural perspective is particularly important for understanding and interpreting literary works. Every linguistic phenomenon reflects, to a certain extent, the national characteristics of a people. The study identified and attempted to systematize more than 375 phraseological units found in T. Sydykbekov's novel "Kök Asaba." Since it is impossible to cover all of them within a single article, selected examples of working with phraseological units from the novel in Kyrgyz language lessons are presented.

Негизги сөздөр: фразеологизмдер; окуп түшүнүү; таанып-билүү; интеграциялап окутуу; предметтер аралык байланыш; тилдин семантикасы.

Ключевые слова: фразеологизмы; понимание прочитанного; познание; интегрированное обучение; межпредметные связи; семантика языка.

Keywords: phraseological units; reading comprehension; cognition; integrated learning; interdisciplinary connections; language semantics.

Киришүү. Бир предметти экинчи предмет менен байланыштырып окутуу окуучулардын белгилүү бир тема боюнча алган билимдерин тереңдетип, дүйнө таанымын жана ага байланыштуу түшүнүктөрүн кеңейтет. Фразеология боюнча алган билимдерин ушул багытта өркүндөтүү үчүн кыргыз тили сабагын адабият сабагы менен түздөн-түз байланышта жүргүзүү максатка ылайыктуу. Фразеологизмдер катышкан мисалдарды элдик оозеки чыгармалардан, акын-жазуучулардын көркөм чыгармаларынан алууга болот. Ошондуктан адабият сабагы менен предмет аралык байланышты бир гана сабактын алкагында эмес, окуу материалынын ар кандай темаларын өздөштүрүүдө да жүргүзүүгө болот. Биз изилдеп жаткан кыргыз тили менен адабият предметтерин интеграциялоо маселесинде 11-класста фразеологизмдерди окутууга II чейректе 5 саат, ал эми Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба» романын окутууга ошол эле класста I чейректе 3 саат бөлүнгөн. Бул эки предметтин окуу материалдарын өз ара байланыштырып окутууга мүмкүнчүлүк бар экендигин көрсөтөт.

Бул макалада Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба» романындагы фразеологизмдердин негизинде иштөөнүн айрым ыкмалары сунушталат.

Таблица 1. Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба» романында колдонулган фразеологизмдер

№	**Фразеологизмдер**	**Түшүндүрмөсү**	**Чыгармадан мисал**	**Бети**
1.	Дүйнөдөн өтүү	Өлүү, каза болуу, көз жумуу.	Иясаф дүйнөдөн өткөндө Түрк ата тагына олтурду.	(13-б.)

2.	Чын дүнүйөгө кетүү	Аркы дүйнөгө кетүү	Эки жүз жыл өмүр сүрүп Түтүк чын дүнүйөгө кетти.	(13-б.)
3.	Киши колдуу болуу	1. Өз ажалынан эмес, бирөө тарабынан өлүм табуу, өлтүрүп коюу. 2. Уурдалуу	Шондон улам Каракан киши колдуу болуп каза тапты.	(13-б.)
4.	Учуп кетүү	Каза болуу деген мааниде	Эр атаң учуп кетти.	(14-б.)
5.	Көзү тирүү	1.Жандуу, чыйрак, тың, бышык. 2. Аман-эсен, топурактан тышкары	Көзүм тирүү болсо, айкырып, билгиң болормун.	(16-б.)

Булак: Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба» романы [9].

1-көнүгүү. Кара менен басылган сөздөрдү маанилеш фразеологизмдер менен алмаштырып, сүйлөмдөрдү жаңыдан түзгүлө. Алгачкы сүйлөм менен кийинки сүйлөмдөрдү салыштыргыла.

1.Баба **жолун жолдоп,** эл баккан эр атасындай болсун деп ырымдап, Жаш-Тегиндин тилегин тилеп келаткан Эр-Киши ак боз кунандан озбоо үчүн тизгинин жыйды.

2. Далай чабуулда элирип көнгөн, талыбай чуркап дасыккан чоң күрөң жайына койсо азыр эле тигил **бута атымдай** алдыда бараткан кунанды сүрүп жеткидей.

3. Чоң киши алдыда, Жаш-Тегин **аркан бою** артта бараткан [9, 31-.б.].

4. Жанындагы баланы сынагысы, аны эрмектегиси, не **баш тоголотуп** ага эрдикти жугузгусу келет [9, 31-.б.].

5. Чабылган тарап жерди өөп, тизе бүгүп бербесе, чапкан тарап аларды катуу ызалайт. **Күлүн сапырат** [9, 44-.б.].

2-көнүгүү. Төмөнкү “Көк асаба” романынан үзүндүлөрдөн фразеологизмдерди таап, маанисин түшүндүрүп бергиле.

Таблица 2. 2-көнүгүүдө колдонулуучу фразеологизмдер

Фразеологизмдер	**Мисалдар**	**Китептин бети**
Бир баш, бир кол болуу		46-бет
Оозуна салуу		46-бет
Сөөк өчтү		48-бет
Кастарын тигүү		48-бет
Жан тартуу		49-бет
Жылдызын өчүрүү		49-бет
Ичтен ирүү		51-бет
Мууну бошоо		56-бет

Булак: Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба» романы [9].

3-көнүгүү. Фразеологизмдердин синонимдерин туш-тушуна коюп жазгыла. Өзүңөр да бул катарларды уланткыла.

Таблица 3. 3-көнүгүүдө колдонулуучу фразеологизмдер

	Фразеологизмдер	**Түшүндүрмөсү**	**Китептен мисал**	**Синонимдерин тапкыла**
1.	**Көксөөсүнө көк талкандай тийүү**	Абдан тажатуу, көңүл калтыруу, кабыргага батуу.	Ат үстүндө, жоо бетинде күн өткөргөн эр бабабыз далайдын **көксөөсүнө**	

			көк талкандай тийип койгон. (57-бет)	
2.	**Башын канжыгага байлоо**	Жоокерчилик учурда душманга каршы чыгуу, эч тартынбай өлүмгө бет алуу, тобокелге салып белсене киришүү.	Кыйырын сактап, эл баккан эрен болчу киши **өз башын канжыгага байлай жүрүп**, аны жоого да чаптырбай, бөрүгө да тарттырбай сактап калбаса, эрен болобу! (64-б.)	

Булак: Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба» романы [9].

4-көнүгүү. Сөз айкашы жана сүйлөм тибиндеги фразеологизмдерди ажыраткыла жана аларды катыштырып сүйлөмдөрдү түзгүлө. Канча компоненттен тургандыгын айтып бергиле.

Таблица 4. Фразеологизмдердин мааниси жана текстте колдонулушу

Фразеологизмдер	**Түшүндүрмөсү**	**Мисалдар**	**Бети**
Тездеги кайыштай ийлөө	Тезге салуу – тартипке чакыруу, эпке, ыкка келтирүү.	Тирүүсүндө жанындагы уланды көптү көргөн Эр-Киши **тездеги кайыштай ийлейт** – аны өзүндөй коркпос этет.	(69-б.)
Алдына түшүү	Айыбын, күнөөсүн мойнуна алуу маанисинде бир нерсе берүү, тартуулоо жолу менен кечирим суроо, өтүнүү.	Ал тургай эрдик салтын колдонуп, өзү барып Эр-Кишинин **алдына түшүүнү** ойлоп, ага чыдай алган эмес.	(73-б.)
Башына куш конуу	Иши оңолуу, мансабы, мартабасы, зоболосу көтөрүлүү.	Биздин журттун **башына куш конду**.	(76-б.)
Бою чыканактай	Бою кичинекей деген мааниде.	Шап ошол кезде отузга таяп калган, **бою чыканактай**, тыртагай арык эле.	(78-б.)
Боору калбоо	Аябай күлүү, күлкүсүн тыя албоо, күлкүдөн ыкшып калуу.	Жылкычыларда **боор калбайт.**	(79-б.)
Боору эзилип күлүү	Күлкүсүн токтото албоо, ыкшып күлүү, кыткылыктай берүү.	**Боорум эзилип** өлө турган болдум...	(79-б.)
Бел бүкпөө	Баш ийбөө, моюн сунбоо, жеңилбөө.	Бектери бел бүкпөйт.	(83-б.)
Жерге кирип кете жаздоо	Бир нерсеге катуу уят болуу, аябай уялып баш көтөрбөө, эмне кыларын билбей өтө кыжалат болуу.	Тигил калп деген киши **жерге кирип кете жаздайт**.	(83-б.)
Кызыл чиедей	Кичинекей, өтө жаш, чөбүрөгөн майда, боорун жерден көтөрө элек.	Кырчын жоокер чабышта каза тапса, анын кырчын жарын кошо узатуу – баарыдан мурда жетим калган **кызыл чие** балдарга муң.	(88-б.)

Булак: Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба» романы [9].

5-көнүгүү. Көп чекиттин ордуна сан атоочторду коюп, фразеологизмдерди толуктагыла. Өзүңөр да мисалдар келтиргиле.

… ичеги; … колун мурдуна тыгуу; … тизгин чылбыр; … уктаса түшүнө кирбеген; … түлүк; … өрдөгүн учуруу; … саны аман; … атасын таанытуу; … толгоо келүү; … миң аалам; … жылкы; … жолу айтуу; … тамчы суудай; … кол тең эмес; … өмүрү жерге кирүү; … түлүгү шай; үйдүн ичин … көтөрүү; …дин үстүнөн чыгуу; … кылбоо; … шыйрагы өлбөгөн жерде калуу; … бозоруп, … кызаруу; жер кулагы … кат; … бутун … кончуна сыйдыруу; … ичеги.

6-көнүгүү. Фразеологиялык минимумдан адамдын оң жана терс сапаттарын туюнткан фразеологизмдерди бөлүп жазгыла жана алардын маанисин түшүндүргүлө.

Таблица 5. Адамдын оң жана терс сапаттарын туюнткан фразеологизмдер

Адам мүнөзүндөгү оң сапаттар	**Адам мүнөзүндөгү терс сапаттар**
Маңдайы жарык, ак көңүл, ичи кең, кара кылды как жарган, ысык-суукка бышкан ж.б.	Акма кулак, ак кол, алчы-таасын жеген, жел өпкө, жүргөн жерине чөп чыкпаган ж.б.

7-көнүгүү. Төмөнкү мисалдардан кара менен басылган фразеологизмдердин маанилерин чечмелегиле.

Таблица 6. Фразеологизмдердин текстте колдонулушу

Чабылып-чачылып кул болуп келгендер кайрадан **баш көтөрөт**.	(344-б.)
Ошондон **таң өөк салганча** тыным болгон жок.	(350-б.)
Дөбөдөн туруп караган көзгө теребел да дапдайын **алакандагыдай.**	(350-б.)
Куш тилиндей кат алып келдик!	(351-б.)
Алтынга **көз тойбогондо...** кол кырылат деген.	(356-б.)
Булар колдорунан **көөр төгүлгөн уста,** купуя сыр ачкан акылман, бичик жазган билги кишилер.	(359-б.)
Сөөк көмүлбөй калуу – чоң кордук, намыска тиер уят жосун, мында бүт урук-туугандын **шагы сынат**, жылдызы түшөт.	(363-б.)
Элтерес шер элчини **көзгө илбей**, жоокерлеринин көз алдында Багырды жолдоштору менен мууздатып салган жөнү да ошол болчу.	(364-б.)
Жети киши кесилди**. Сөзү жерде калды.**	(364-б.)
Каңырыгы түтөй түшүп, башын дагы эңкейтти.	(368-б.)
Эй-а, менин күчүмдү **көрө албай жатырсың,** билгим.	(382-б.)
Жеңилер жоо **алды-артына карабайды**.	(386-б.)

Булак: Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба» романы [9].

1-тапшырма. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүктөрүн пайдаланып, төмөнкү таблицаны толтургула. Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба» романынан мисалдар келтиргиле.

Таблица 7. Фразеологизмдердин тематикалык топтору

Адамдын оң жана терс сапаттарын туюндурган фразеологизмдер	**Зоонимдер катышкан фразеологизмдер**	**Соматизмдер катышкан фразеологизмдер**	**Сан атоочтор катышкан фразеологизмдер**	**Алкоо, каалоо-тилек, айтууда колдонулган фразеологизмдер**

Ала жипти аттабаган; колу ачык; кара кылды как жарган;	Бээ саам; жылкы мүнөз; уй түгүндөй, кой үстүнө торгой жумурткалаган	Тили узун; маңдайы жарык; котур ташы койнунда; жүрөгү оозуна келүү; баш-көз болуу ж.б.	Жердин жети түбү; үч уктаса түшүнө кирбөө; айтканы эки болбоо; беш өрдөгүн учуруу ж.б.	Көшөгөң көгөрсүн!, Мээнетиң алайын!,

2-тапшырма: Төмөнкү фразеологизмдерди катыштырып сүйлөмдөрдү, тексттерди түзгүлө.

Таблица 8. Фразеологизмдердин мааниси жана аларды текст түзүүдө колдонуу.

Фразеологизмдер	**Түшүндүрмөсү**	**Текст түзгүлө (студенттин мисалы)**	**Китептин бети**
Шагы сынуу	Катуу уят болуу, ыза болуу, деси кайтуу.		(363-б.)
Көзгө илбөө	1.Теңине албоо, киши катарына көрбөө, тоготпоо, өзүнөн башкаларга маани бербөө, теңсинбөө. 2.Уялбоо, ийменбөө, тартынбоо, адеп, тартип сактабоо, ызаат кылбоо.		(364-б.)
Сөзүн жерге таштабоо	Бирөөнү кадырлоо, сыйлоо максатында анын айткан-дегенин орундатып, тапшырганын аткарып туруу.		(364-б.)
Каңырыгы түтөө	Катуу кейүү, бир нерсеге зээни кейип, катуу кайгыруу.		(368-б.)
Көрө албоо	Ичи тарлык кылуу, ичи күйүү, ыраа көрбөө.		(382-б.)
Алды-артына карабоо	Түпкүлүгүн ойлобой, эч нерсени байкабай, абайлабай, анчалык назар салбай.		(386-б.)
Оозунан алдырган бөрүдөй	Даяр турган нерсесинен ажырап, эмне кыларын билбей аңкайып калуу, далдырай түшүү.		(389-б.)
Чилдей бытыратуу	Өз бет алдынча бытырап кетүү, туш-тушка биринделп тарап кетүү.		(391-б.)

Булак: Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба» романы [9].

Корутунду. Биз кыргыз адабиятын кыргыз тили предмети менен интеграциялап окутуу боюнча 11-класстагы «Фразеологизмдер» темасына кайрылып, айрым ыкмаларды сунуш кылдык. Ийримде жана сабак өтүүдө интеграциялоонун натыйжалуу ыкмаларын стандарттуу эмес сабактын формасында Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба» романы аркылуу көрсөттүк. Кыргыз адабиятын кыргыз тили менен байланышта окутуунун принциптерин ишке ашырууда бир нече ыкманы сунуштап, аларды сабакта пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрүн көрсөттүк. Берилген принциптердин негизинде жогорку класстарда Т. Сыдыкбековдун чыгармаларын окутуунун өзгөчөлүктөрүн карадык. Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба» романын өлкө таанытуучулук жана этномаданий билим берүү принциптеринин негизинде окутуунун жолдору көрсөтүлдү. Ошондой эле тексттин мазмунун география, биология, медицина жана философия илимдери менен байланыштыруу аркылуу окуучулардын дүйнө таанымын кеңейтүүгө багытталган мисалдар келтирилди.

Колдонулган адабияттар

1. Култаева Ү. Илимий эмгектердин алты томдук жыйнагы. Т. 4. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2016. – 352 б.
2. Жапаралиева Н. Т. Сыдыкбековдун чыгармаларын окутуунун инновациялык технологиялары. – Бишкек, 2013. – 105 б.
3. Муратов А. Ж. Кыргыз адабияты сабагында көркөм тексттин маңызын ачуу. – Бишкек, 2009.
4. Муратов А., Акматов К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы: окуу куралы. – Бишкек, 2021. – 568 б.
5. Оторбаев Б. Адабиятты окутуунун технологиясы. – Бишкек, 2010. – 95 б.
6. Раимбердиева З. С. Т. Сыдыкбековдун «Көк асаба» романындагы көөнө сөздөр, фразеологизмдер, макалдар жана аларды интеграциялап окутуунун ыкмалары: окуу-усулдук колдонмо. – Ош, 2022. – 159 б.
7. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. – Бишкек, 2007. – 98 б.
8. Эгембердиев Р. Фразеологияны XI класста окутуу: мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. – Бишкек, 1992.
9. Сыдыкбеков Т. Көк асаба: роман. – Фрунзе, 1989.

Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Каразакова З.

УДК 37. 091.4
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-230-235

Сакиева С.С., Осмоналиева С.Ч., Асаналиева М.М.
Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети,
Ош мамлекеттик университети
Сакиева С.С.,[1] Осмоналиева С.Ч.,[1] Асаналиева М.М.[2]
Жалал-Абадский государственный университет имени Б. Осмонова,[1]
Ошский государственный университет[2]
Sakieva S.S., Osmonalieva S.Ch., Asanalieva M.M.
Jalal-Abad State University B. Osmonov,
Osh State University

ORCID 0009-0003-1520-3492
ORCID 0009-0009-2429-6276
ORCID 0009-0009-5939-1484

БАШТАЛГЫЧ КЛАССТА БАЙЛАНЫШТУУ КЕПТИ ОКУТУУ
ОБУЧЕНИЕ СВЯЗНОЙ РЕЧИ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ
TEACHING COHERENT SPEECH IN PRIMARY SCHOOL

Кыскача мүнөздөмө: Кыргыз тил илиминде байланыштуу кеп, анын теориялык жана практикалык жактан колдонулушу окумуштуулар тарабынан изилденип келет. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасында байланыштуу кепти балдарга үйрөтүүнүн формалары, методдору жана ыкмалары каралып, мектеп тажрыйбасында колдонууга сунушталат. Кыргыз тилин окутууга арналган методикалык колдонмолор жана аларды пайдалануунун технологиялары окуу процессинде кеңири колдонулууда. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутууда байланыштуу кеп, анын функциялары жана аларды колдонуунун дидактикалык шарттары актуалдуу маселелердин бири катары каралууга тийиш. Байланыштуу кеп башталгыч класстардын кыргыз тили сабактарынын бардык формаларында колдонулат жана практикаланат. Тактап айтканда, ал көнүгүүлөр менен